# Кыргыз тили

5-6-класс

«ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН-ПРОГРАММА»

**Эки класстын окуу материалдары интеграцияланып, жумасына 2 сааттан, жыл боюнча 68 саат өтүлөт.**

Анткени:

- бул класс кийинки жылы 7-класска “секирет”. Окуу программасында 5-6-класстардын материалдарынын мазмуну бириктирилип камтылат.

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*

# 5-класстарда Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун максаты жана милдеттери

- **Максаты: -**окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө, кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компетенттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын нормаларын кебинде туура сактоого, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө үйрөтүү.

## Милдеттери:
## *Билим берүүчүлүк*

- Окуучуну эне тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү. Эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты жана чындыкты чагылдыруунун куралы, ошондой эле башка окуу предметтеринен билим алуунун *да куралы* катары колдонууну түшүндүрүү. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигине ынандыруу.  Кыргыз тилинин фонетикалык системасын лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга машыктыруу.
- билим берүүчүлүк максаты аркылуу жүзөгө ашат.

# Өнүктүрүүчүлүк:

- Окуучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жана сүйлөшүү, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтүү. Ар кандай чөйрөдө жана тематикада оозеки-жазуу түрүндө сабаттуу сүйлөө-жазуу маданиятына көнүктүрүү. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча текшере алууга, сын көз менен карап, аны дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылуу.

# Тарбия берүүчүлүк:

- Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көз карашын калыптандыруу. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого жетишүү.
- Эне тилге өзгөчө руханий тарыхий мурас катары кылдат мамиле кылуу көндүмдөрүнө калыптандыруу.

# Окуучуларда төмөндөгү предметтик компетентүүлүктөр калыптанат

*Кыргыз тили сабактарында*

**Кептик компетенттүүлүк**:

- ***Кептик компетенттүүлүк***— бул мектеп бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү же угуучу) коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүүлүгү:
- -карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнөт жана белгилейт;
- -тексттеги биринчи жана экинчи маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды чындык менен салыштырат;
- -коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалайт жана пайдалана алат.
- -адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;
- -текстти ар кыл стилдик режимдерге (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт.

# Тилдик компетенттүүлүк:

- ***Тилдик компетенттүүлүк***-тилдик бирдиктерди, тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;
- -лингвистикалык бирдиктерди, функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурат;
- -тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасы, семантоикасы жана стили боюнча айырмалайт;
- -кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалайт;
- -каралган орфограммалардын көлөмүнө жана пунктуациялык эрежелерге ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

# Этномаданий компетенттүүлүк:

- ***Этномаданий компетенттүүлүк***– бул мектеп бүтүрүүчүсү пикир алышууга катышуу менен социалдык кептик жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү:
- -коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун катышуучусунун социялдык ролун өзүнө кабыл алат;
- -элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;
- -кеп маданиятынын нормаларына ээ болот.

# Окуу планындагы орду

- **5-КЛАСС**
- **жумасына 2 сааттан,**
- **жыл бою 68 саат.**

Окуу көлөму:

- 1-чейректе - 16 саат,
- 2-чейректе - 24 саат,
- 3-чейректе - 16 саат,
- 4-чейректе:

# Программанын мазмуну

- 1-чейрек-25 саат
- КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК
- МОРФОЛОГИЯ, ОРФОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ ТАКТООЧ
- ТУУРАНДЫ СӨЗДӨР

- 2-чейрек – 23 саат
- СЫРДЫК СӨЗДӨР
- ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ

- 3-чейрек – 30 саат
- КЫЗМАТЧЫ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

- 4-чейрек – 20 саат:
- Кызматчы создрордун уландысы

# Программанын мазмуну:

3-4—чейрек:

**МОРФОЛОГИЯ (6-класстан):**

Зат атооч,

Сын атооч,

Сан атооч,

Этиш (булардын жалпы классификациясы)

# Методикалык мамиле

## 1.Тил – маданият:

-Кыргыз тили-кыргыз элинин улуттук маданий дөөлөтү;

-Тил аркылуу кыргыз элинин этномаданий лексикасын үйрөнүү;

- Балдар – маданиятты алып жүрүүчү;
- Балдарды суйлөө маданиятына уйрөүү ж.б.

# Методикалык мамиле

## 2. Грамматикадан - кепке:

- Грамматикалык материалдар менен байланыштуу кептин материалдарын интеграциялоо;
- Сүйлөмдү кептин тибине жараша классификациялоо:
- (баяндоо тибиндеги сүйлөм, сүрөттөө тибиндеги сүйлөм, ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөм).

# Методикалык мамиле

3.Деңгээлдик билим берүү (жайкын билим берүүдөн- тикелей билимге):

Деңгээлдер:

-билүү деңгээли;

-колдонуу деңгээли;

-проблемалуу көйгөйдү чечүү деңгээли;

-чыгармачылык мамиле деңгээли;

-жаратмандык…

# Программанын мурункудан айырмасы

1. Мурунку редакциясында Байланыштуу кеп жана кеп маданиятынын материалдары ар бир класстын окуу курсунун башында болунуп берилчу, мында экөө толук интеграцияланып жайгаштырылды;
2. Айрым грамматикалык 2-маанидеги материалдар кыскартылды;
3. Ар бир класстын материалдарынын аягында негизги компетенттуулуктөр тилдин бөлумдөрунө жараша так көрсөтулуп сунушталды.

Соңу

# Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

Рысбаев С.К., п.и.д., профессор

Бишкек-2025-ж.

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*